**БЕКИТЕМ**
**Ж. Баласагын атындагы**
**КУУ СПжКК директору**
**«___»___________2025-ж.**
**_________Р.М. Жайнаков**

# Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сүлүктүдөгү педагогика жана коммуникациялар колледжинин 2025 – 2026 – окуу жылы үчүн стратегиялык планы:

1 – **көйгөй.** Адистиктердин аздыгына байланыштуу студенттик контингенттин чектелгендиги жана сырткы коммуникациялардын сапатынын төмөндүгү.

**Максат:** 2024-2025-окуу жылынын жүрүшүндө жаңы адистиктерди 2025-2026-окуу жылынын жүрүшүндө имараттын чечилбегендигинен тиешелүү уруксат берүүчү документтерди алуу ишке ашпай калгандыктан, ал маселени чечүү аракеттерин көрүү жана уюштуруу.

**Милдеттер:**

- Жаңы адистиктерди уюштуруу багытында талдоо жүргүзүү;
- Сунушталган жаңы адистиктер боюнча тиешелүү иш кагаздарын даярдоо;
- Адабият менен камсыздалуусун уюштуруу;
- Уюшулуучу адистиктер боюнча кадрлар менен келишимдерди түзүү;
- Уюшулган жаңы адистиктер боюнча областыбыздын аймагында кеңири маалымат компаниясын өткөрүү;
- Жалпы студенттердин санын 2026-2027-окуу жылын а 600 студенттен жогору болуусуна жетишүү.

**Иш – чаралар:**

| № | Иш - чара | Мөөнөтү | Жооптуу | Сандык жана сапаттык индикатор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы адистиктерге ылайык кадрдык, материалдык-техника-лык базаны талдоо. | 01.11.2025 | Г.Б. Сапарова<br>Х.У. Джумабаева | Анализ жүргүзүлөт |
| 2 | Адистиктердин сертификаттарынын мөөнөтү 2026-жылы аяктагандыгына байланыштуу программа башчыларын бекитүү менен тиешелүү стандарттарды жазуу. | 08.09.2025<br>01.12.2025 | Р.И. Сатторов<br>О.А. Атабаева<br>Э.А. Казыева | Адистиктер боюнча аккредитациядан өткөрүүгө материал даяр абалга келип калат. |
| 3 | Жаңы адистиктер боюнча “Башталгыч билим берүүдөгү коррекциялоочу педагогика”, “Чет тили”, “Мектепке чейинки атайын билим берүү” лицензия алуу үчүн | 01.10.2025<br>10.01.2026 | Р.М.Жайнаков<br>Г.Б. Сапарова | КР ИЖББжИ министрлигине сапаттуу материал даярдалып, жаңы адистиктерди ачуу жараяны башталат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жана КР ИЖББжИ министрлигине сунуш жиберүү. | | | |
| 4 | Аккредитациядан өткөрүү боюнча арыз берүү менен тендер өткөрүү. | Декабрь 2025 | Р.М.Жайнаков Бухгалтерия | Окуу жай адистиктерин аккредитациядан өткөрүү үчүн жеңүүчү аныкталат. |
| 5 | Жаңыдан ачылуучу адистиктерди адабият-тар менен камсыздоо. | Март 2026 | Р.М.Жайнаков Бухгалтерия | Китеп фонду жаңы адистиктерге тиешелүү адабияттар менен камсыздалат. |
| 6 | КР ИЖББжИ министрлигинен “Башталгыч билим берүүдөгү коррекция-лоочу педагогика”, “Чет тили”, “Мектепке чейинки атайын билим берүү” адистиги үчүн лицензия алуу. | Апрель 2026 | Р.М.Жайнаков Г.Б. Сапарова | Жаңы адистиктер ачылат. |
| 7 | Аккредитациядан адистиктерди өткөрүү. | Апрель 2026 | Р.М.Жайнаков | Адистиктер аккредитациядан өткөрүлөт. |
| 8 | Аккредитация жыйынтыктары боюнча тиешелүү чечимдерди алууга жетишүү. | Май 2026 | Р.М.Жайнаков Г.Б. Сапарова | Окуу жайдын кийинки өнүгүүсүнө шарт түзүлөт. |
| 9 | Абитуриенттер үчүн даярдалуучу материал-дарда жаңы адистик-терди чагылдыруу жана жайылтуу. | Май-август 2026 | Кабыл алуу комиссиясы | Жаңы адистиктер жөнүндө маалымат расмий сайтка жүктөлөт, андан башка үгүт материалдарында камтылат. |
| 10 | Уюшулган жаңы адистиктер боюнча буйрук чыгаруу. | Май 2026 | Р.М.Жайнаков | Шаарыбыздын жана Лейлек районунун жашоочуларына окуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Студенттин контингенти жогорулайт. |

2- **көйгөй.** Окуу жайдын имаратынын балансалык тиешелүүлүгүнүн анык эместиги, эстетикалык көрүнүшү жана спорт залдын жоктугу, жаз, күз айларына ылайыкталган спорттук аянтчалар менен чектелгендиги.

**Максат:** Окуу жайдын имаратынын балансалык тиешелүүлүгүн аныктоо жана эстетикалык көрүнүшүн 2026-2027 – окуу жылынын башталышына чейин оңдоо жана келечекте пайдалуу аянтын кеңейтүү боюнча иш жүргүзүү.

**Милдеттер:**

- Окуу жайдын имаратынын балансалык тиешелүүлүгүн аныктоо маселесинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин белгиленген мөөнөттө чечимине ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык компетенттүү мекемелер менен тиешелүү иштерди жүргүзүү;
- Окуу жайдын имаратынын эстетикалык көрүнүшү шаардын жалпы көркүнүн ансамблинин уландысына шайкеш келтирүү;
- Каржылоо булактарын аныктоо;
- Окуу жайдын имаратынын жана жалпы территориясындагы маселелерди чечүү жана көркүнө келтирүү;
- Окуу жайдын территориясын көрктөндүрүүнү камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү коргоо жана жашыл бак-дарактардын аянтын көбөйтүү боюнча чараларды көрүү чечимдерин колго алуу;
- кыргыз залкарларынын айкелдерин орнотуу;
- Фонтанды ишке киргизүү;
- Отургучтарды территория бойлоп орнотуу;
- Спорт зал жана ашкана куруу;
- Жылуулук тутумун камсыздоо боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүү.

**Иш – чаралар:**

| № | Иш – чара | Мөөнөтү | Жооптуу | Сандык жана сапаттык индикатор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин/Ж. Баласагын атындагы КУУ ректоратынын чечимдерин күтүү. | Январь 2026 | Р.М. Жайнаков | Окуу жайдын келечеги, аны менен бирге имараттын тагдыры аныкталат. |
| 2 | Жаз-жай мезгилдеринде дене тарбия сабагын өткөрүү үчүн сырткы спорттук аянтчаны ишке киргизүү максатында долбоор жазуу. | Февраль 2026 | Р.М.Жайнаков | Долбоор жазуу аркылуу донордун демөөрчүлүгү менен сырткы спорттук аянтчаны ишке киргизүү боюнча иштер колго алынат. |
| 3 | Имараттын эстетикалык көрүнүшүнүн эскизин даярдоо. | Март 2026 | Г.Б. Сапарова<br>З.Р. Марипова | Имараттын жагымдуу эстетикалык көрүнүшү |
| 4 | Окуу жайдын чек арасындагы тосмолорду оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү. | 01.04.2026 | Чарба бөлүмүнүн башчысы | Имараттын короосу оңдолот |
| 5 | Жаз-жай мезгилдеринде дене тарбия сабагын өткөрүү үчүн сырткы | Апрель 2026 | Р.М.Жайнаков<br>Чарба бөлүмүнүн башчысы | Спорттук аянтча пайдаланууга берилет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | спорттук аянтчаны оңдоп-түзөө жумуштарын баштоо. | | | |
| 6 | Имараттын эстетикалык көрүнүшүнүн сметасын даярдоо. | 25.03.2026 | Бухгалтерия | Талап кылынуучу сумма аныкталат. |
| 7 | Сметаны тиркөө менен долбоор даярдап түрдүү уюмдарга кат жолдоо жана бул ишке Көзөмөлчүлүк кеңешин тартуу. | Апрель 2026 | Р.М. Жайнаков | Талап кылынуучу акча каражаты чечилет. |
| 8 | Имараттын сырткы көрүнүшүн жаңылоо боюнча тендер жарыялоо. | 01.05.2026 | Бухгалтерия | Тендер жеңүүчүсүн аныктап иш башталат. |
| 9 | Колледж территориясын көрктөндүрүү үчүн ийне жалбырактуу жана мажүрүн талдар эсебин чыгаруу. | 03.03.2026 | К.М. Миңгбаева Дастанбек уулу Акжол | Сүлүктү шаарынын мэриясынан жана башка булактардан суралуучу көчөттөр эсеби чыгарылат (план боюнча 50 мажүрүн тал, 100 терек, 20 ийне жалбырактуу көчөт отургузулат). |
| 10 | Колледж территориясын көрктөндүрүү үчүн ылайыктуу жерлерге гүлдөр ансамблин даярдоо. | 05.03.2026 | Х.У. Джумабаева<br>Ж.К. Исмаилова<br>Э.А. Казыева<br>З.Р. Марипова | Талап кылынуучу гүлдөрдүн сорттору аныкталып, сатылып алынат. |
| 11 | Тандалып алынган жерлерге гүлдөр жана пландалган 50 мажүрүн тал, 100 терек, 20 ийне жалбырактуу көчөттөрүн отургузуу. | 21.03.2026 | Жалпы кураторлор | Колледждин көркү өзгөрөт. |
| 12 | Фонтанга тиешелүү эмеректерди даярдоо. | 08.03.2026 | Чарба бөлүмүнүн башчысы | Фонтанды ишке киргизүүгө эскиз даяр болот. |
| 13 | Фонтанды ишке киргизүү боюнча ширетүү иштерин жүргүзүү. | 01.04.2026 | Чарба бөлүмүнүн башчысы | Фонтан ишке түшөт. |
| 14 | Колледждин дарбазасынан Деканова көчөсүнүн асфальт жолуна чейинки жер тилкесин окуу жайдын балансына кайтаруу/оперативдик | 01.05.2026 | Р.М. Жайнаков | Колледждин территориясы кеңейтилет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | башкарууга алуу иш-чараларын өткөрүү. | | | |
| 15 | Колледждин кире беришине (көрктөндү-рүүгө алынган жердин тосмосу жагына) көрнөк-жарнактарды жайгаштыруучу стенддин сметасын чыгаруу жана тендер жарыялоо. | Май 2026 | Р.М. Жайнаков Бухгалтерия | Көчө боюнда сапаттуу көрнөк-жарнак материалдары жайгаштырылып, колледждин кире беришинин көрүнүшү өзгөрөт. |
| 16 | Кыргыз Республикасы-нын Министрлер Каби-нетине караштуу Архи-тектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинен же лицен-зиясы бар мекемелерден колледж үчүн спорт зал жана ашкана куруу мак-сатында долбоордук-сметалык документтештирүүнү (ПСД) даярдоого буюртма берүү үчүн каражат булактарын табуу. | Февраль 2026 | Р.М. Жайнаков Көзөмөлчүлүк кеңеши | Спортзал жана ашкана курууга тиешелүү документтерди тариздөө иштери башталат. |
| 17 | Колледждин негизги кирүү эшиги жактан жүз (фейс) көзөмөлүн жүргүзүүчү атайын жабдуу орнотуу. | Март 2026 | Р.М. Жайнаков Бухгалтерия | Окуу жайга келип кеткен адамдар боюнча зарыл учурда тактоо мүмкүн-чүлүгү жана коопсуздукту камсыз-доого шарт жаралат. |
| 18 | Имаратты борборлош-турулган жылуулук тутуму менен камсыз-доо максатында сметага буюртма берүү. | 01.04.2026 | Р.М. Жайнаков Бухгалтерия | Колледж имараты толук кандуу жылуулук менен камсыздоо үчүн смета даяр болот. |
| 19 | Спорт зал жана ашкана куруу үчүн уруксат кагаздарынын негизинде тендер жарыялоо. | 10.05.2026 | Р.М. Жайнаков Бухгалтерия | Жаңы имараттарды куруу үчүн, жеңүүчү аныкталат жана курулуш иштерин баштоо, аяктоо мөөнөтү макулдашылат. |
| 20 | Имаратты борборлош-турулган жылуулугун камсыздоого акча булактарын аныктоо, табуу. | 01.05.2026 | Р.М. Жайнаков Көзөмөлчүлүк кеңеши | Каржылоо булактары чечилет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 21 | Жылуулук тутумун ишке киргизүү максатында, сметага ылайык тендер жарыялоо. | Май 2026 | Бухгалтерия | Жеңүүчү аныкталат. |
| 22 | Жылуулук тутумун ишке киргизүү боюнча курулуш иштерин баштоо. | Июнь 2026 | Р.М. Жайнаков Чарба бөлүмүнүн башчысы | Жаңы окуу жылы башталганча жылуулук тутуму эксплуатацияга тапшырылат. |
| 23 | Спорт зал жана ашкана имараттарынын курулуш иштерин жүргүзүү үчүн курулуш компаниясы менен келишим түзүү. | Июнь 2026 | Р.М. Жайнаков | Курулуш иштери башталат. |
| 24 | 2026-2027-окуу жылынын ноябрь айларында спортзалды жана ашкананы эксплуатацияга берүү. | Ноябрь 2026 | Р.М. Жайнаков | Колледж өзүнө таандык спорт залга ээ болот. Көптөн берки спорт зал көйгөйү чечилет. |
| 25 | Жаз-жай мезгилдеринде түрдүү иш-чараларды өткөрүү максатында ачык абадагы үстү чатырланган аянтча үчүн курулма тургузуу максатында долбоордук-сметалык документтештирүүнү (ПСД) даярдоо. | Ноябрь Декабрь 2026 | Р.М. Жайнаков Көзөмөлчүлүк кеңеши | Колледждин аймагында иш-чараларды өткөрүүгө ылайыктуу (маданий-массалык иш-чаралар, конференция, семинар ж.б.) чоң аянтча куруу иштеринин башаты жаралат. |

3 **– багыт.** Колледждин окуу - усулдук жараяндарын жана материалдык базасын өнүктүрүү.

**Максат:** Колледждин окуу - усулдук жараяндарын жаңы сапатка 2025 - 2026 – окуу жылынын жүрүшүндө, алып чыгуу жана материалдык базасын заманбап деңгээлде өнүктүрүү.

**Милдеттер:**

- Окуу жана эмгектенүү шарттарын жакшыртуу;
- Окуу-усулдук ыкмалар менен тыгыз таанышуу жана талдоо;
- Жетишсиз болуп жаткан адабияттардын аталыштарын, авторлорун жана санын тактоо, алар менен камсыздоо;
- Компьютердик класстардагы компьютерлердин сапатын үйрөнүү жана санын алуу менен жаңылануу маселесин чечүү;
- Интернет байланышынын үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо;
- Талап кылынуучу техникалык каражаттар менен камсыздоо;
- Окуу – методикалык кеңешменин ишин жандандыруу;
- Окутуучулардын сабак өтүү методикаларын жайылтуу;
- Электрондук китепкананы өнүктүрүү;

- Сабактардын сапатын жогорулатуу багытында тиешелүү иш – чараларды өткөрүү;
- Адистиктердин багыттары боюнча ийримдердин ишмердүүлүгүн жандандыруу жана алардын алдында милдеттерди белгилөө;
- Окутуучуларды илим изилдөө багытында колдоо көрсөтүү;
- Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча график түзүп бекитүү.

**Иш – чаралар:**

| № | Иш – чара | Мөөнөтү | Жооптуу | Сандык жана сапаттык индикатор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Түзүмдөрдүн документ жүгүртүүсүн көзөмөлгө алуу. | Үзгүлтүксүз | Р.М.Жайнаков<br>Г.Б. Сапарова<br>К.М. Миңгбаева<br>З.Р. Марипова | Документтер иреттелип, өз убагында даярдалат. |
| 2 | Жетишсиз болуп жаткан адабияттардын аталыштарын, автор-лорун жана санын тактоо, алар менен камсыздоо. | Ушул пландын биринчи бөлүмүндөгү графике ылайык. | Г.Б. Сапарова<br>Бухгалтерия | Китеп фонду толукталат. |
| 3 | Компьютерлердин абалы менен таанышуу жана зарылчылыка карап алмаштыруу. | 01.11.2025 – 01.02.2026 | Р.М. Жайнаков<br>Бухгалтерия<br>Патта кызы Динара | Сапаттуу компьютерлер менен камсыздалат. |
| 4 | Талап кылынуучу техникалардын тизмегин даярдоо жана тендер аркылуу камсыздоо. | 30.02.2026 | Р.М. Жайнаков<br>Бухгалтерия | Сабактар жана студенттердин өз алдынча иштөөсү натыйжалуу өзгөрүүлөргө алып келет. |
| 5 | Окуу-методикалык кеңешмени ай сайын өткөрүп, кеминде бир доклад талкуулоо жана басмага сунуштоо. | Жыл ичинде | Х.У. Джумабаева | Илимий – публицистик макалалар жарык көрөт жана ютуб каналга жүктөлөт. |
| 6 | Электрондук китепка-нанын ишин уюштуруу. | 01.11.2025 | Г.Б. Сапарова<br>А.А. Хужаманова | Окутуучулар жана студенттер үчүн ыңгайлуу иликтөө булагы камсыздалат. |
| 7 | Өз ара сабактарга катышууну көзөмөлгө алуу жана методикалык мүчүлүш-түктөрдү жою багытында иш алып баруу. | Графикке ылайык | Х.У. Джумабаева<br>Р.К. Мадаминова<br>Ө.Д. Алиев<br>Г.Б. Сапарова | Лекциялардын сапатын жогорку деңгээлде кармоо камсыздалат. |
| 8 | Студенттик ийиримдер алдында жалпы илимий көйгөйлөрдү белгилөө жана ийрим | Үзгүлтүксүз | Г.Б. Сапарова<br>З.Р. Марипова | Студенттердин илимге жана адистигине болгон кызыгуусу артат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жетекчилерин коомдук башталышта дайын-доо. | | | |
| 9 | Студенттик мобилдүү-лүк боюнча сүйлөшүү-лөрдү өткөрүү жана графигин бекитүү. | 01.11.2025 | Г.Б. Сапарова | Студенттердин интеллектуалдык деңгээли жогорулайт. |
| 10 | Окуу жайдын башка жогорку, атайын – орто жана орто билим берүү мекемелери менен кызматташуу-сун колго алуу. | 25.12.2025 | Г.Б. Сапарова<br>Р.К. Мадаминова | Билим берүү багытындагы жаңы иштелмелер менен таанышуу мүмкүнчүлүгү түзүлөт жана сапаттуу документ жүгүртүү камсыздалат. |
| 11 | Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча графикти макулдашуу менен бекитүү. | Октябрь 2025 | Г.Б. Сапарова<br>З.Р. Марипова | 2025-2026 – окуу жылында окутуучулар атайын курс-тардан өтүп, тажрый-басын арттырышат. |

4 **– багыт.** Маданий – массалык жана спорттук иш – чаралардын деңгээлин өстүрүү.

**Максат:** Маданий – массалык жана спорттук иш – чаралардын сапатын жогорулатуу багытында 2025-2026 – окуу жылынын башталашына чейин тиешелүү өнөктүктөрдү уюштурууну колго алуу.

**Милдеттер:**

- Жигиттер жана кыздар үчүн улуттук кийимдердин абалы менен таанышуу жана зарылчылыгына жараша жаңылоо;
- Жигиттер жана кыздар үчүн спорттук кийимдердин абалы менен таанышуу жана зарылчылыгына жараша жаңылоо;
- Керектүү музыкалык аспаптар менен камсыздоо;
- Жетишсиз жана керектүү спорттук эмеректер менен камсыздоо;
- Маданий – массалык иш – чаралардын сапатын тыкыр көзөмөлгө алуу;
- Дене – тарбия сабагын өтүү үчүн спорттук зал куруу же атайын аянтча түзүү боюнча долбоор жазуу;
- Спорттук ийримдерди көзөмөлгө алуу.

**Иш – чаралар:**

| № | Иш – чара | Мөөнөтү | Жооптуу | Сандык жана сапаттык индикатор |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Улуттук кийимдер инвентаризациясын өткөрүү. | 31.10.2025 | Мамлекеттик тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары<br>Бухгалтерия | Зарыл болгон улуттук кийимдердин саны аныкталат. |
| 2 | Жигиттер жана кыздар үчүн улуттук кийимдерди жаңылоо. | Январь 2026 | Г.Б. Сапарова<br>Бухгалтерия | Маданий иш -чараларда сахнанын көркү чыга келет. |
| 3 | Керектүү музыкалык аспаптар менен | Февраль 2026 | Мамлекеттик тил жана уюштуруу | Маданий иш – чараларды өткөрүүдө аренда төлөө |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | камсыздоо. | | иштери боюнча директордун орун басары Бухгалтерия | жоюлат |
| 4 | Ар бир маданий массалык иш – чаранын сценарийи менен таанышуу. | Үзгүлтүксүз | Мамлекеттик тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары Кураторлор | Көрүнүштүн сапаты өсөт. |
| 5 | Маданий массалык иш – чараларды техникалык каражаттар менен коштоо. | Үзгүлтүксүз | Ы.А. Момунов Жаштар уюму | Сахналаштырылган көрүнүштөргө атайын эффект берилет. |
| 6 | Таланттуу студенттердин чыгармачылыгын колдоо. | Үзгүлтүксүз | Мамлекеттик тил жана уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары Жаштар уюму | Сахна тарбиясын алат жана окуу жайды даңазалайт. |
| 7 | Спорттук ийримдерди көзөмөлгө алуу. | Үзгүлтүксүз | Дастанбек уулу Акжол | Студенттер сергек жашоо шартына көнүгүшөт, көчө маданиятынан тартылат. |